КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 7- сессиясынын

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 10-апрели** **№ 37** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагында маркумду акыркы сапарга узатуудагы иш-чаралардын чыгымдарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 22-февралындагы №53 “Маркумду узатуу жана анын сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” Мыйзамынын 10,13 беренелеринде көрсөтүлгөн кызматтардын наркы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат деп белгиленген. Ага ылайык Хан-Теңири айыл аймагында сөөктү жайга коюу үчүн ырасым кызматтарды көрсөтүүдо канча каражат керектелээри тууралуу маалыматты угуп жана талкуулап жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагында сөөктү жайга койуу үчүн ырасым кызматтарды көрсөтүүдө керектелүүчү чыгымдар 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ырасым кызматтарды көрсөтүүдө керектелүүчү чыгымдар боюнча иш алып баруу айыл башчыларына жана айылдын имамдарына милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом ММКларга жарыялансын.
4. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облусттук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
5. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**

1 тиркеме

Хан-Тенири айыл аймагында ырасым кызматтарды көрсөткөн иш-чаралардын чыгымдарын аныктоочу таблица

| № | **Иш-чаранын аталышы** | **Иш-чараны баяндоо** | **Болжолдуу наркы (сом менен)** |
|---|---|---|---|
| 1. | Сөөктү жайга койуу үчүн керектүү документтерди тариздөө | Өлүм жөнүндөгү медициналык күбөлүк, спрапвкалар жб документтерди даярдоо | 1000 -5000 |
| 2. | Денени кепинге ороо; (кийинтүү) | Өлгөн адам үчүн кийим сатып алуу, денени көмүүгө даярдоо | 3000 - 10000 |
| 3. | Сөөктү жайга коюу үчүн зарыл болгон капкактуу табытты, кепинди, табытты берүү жана жеткирүү | Табытты даярдап жеткирүү жана берүү | 2000 - 3000 |
| 4. | Каза болгон адамды көрүстөнгө (крематорийге) ташып баруу; | Денени көрүстөнгө же крематорийге алып баруу үчүн транспорт кызматы | 5000 - 15000 |
| 5. | Сөөктү жайга коюу жана (көрдү казуу жана көмүү). | Мүрзөнү даярдоо, көмүү жана эстелик орнотуу кызматтары | 10000- 50000 |